# ВИЧ СПИДди алдын алуу иш чаралары

Scanned by TapScanner

"Бекитемин"

Мектеп директору: С.Тыналиева

Калыгул Жусупов атындагы орто мектебинде
1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИД ке каршы күрөшүү
күнүнө карата түзүлгөн иш планы.

| № | Өтүлүүчү тема. | класс | | Айы ,күнү | Экертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | "Биз СПИДке каршыбыз | 11-класс | ачык с | 25.11.22 | |
| 2 | "СПИД кылым душманы" | 10-класс | ачык сабак | 24.11.12 | |
| 3 | 1-декабрь СПИДке каршы күрөшүү күнү. | 9-класс | ачык сабак | 24.11.22 | |
| 4 | "СПИДди алдын алуу" | 8-класс | ачык сабак | 25.11.22 | |
| 5 | "ВИЧ СПИДди алдын алуу" | 7-класс | ачык сабак | 22.11.22 | |
| 6 | "СПИД токто" | 6-класс | ачык сабак | 21.11.22 | |
| 7 | "СПИД коркунучтуу дарт" | 5-класс | ачык сабак | 25.11.22 | |
| 8 | СПИД деген эмне? | 5-класс | ачык сабак | 22.11.22 | |

Соц педагог: Ж.Султанова.

Scanned by TapScanner

Калыгул Жусупов атындагы орто мектеби

# Сабактын темасы :

## Бүткүл дүйнөлүк

## СПИД

## менен күрөшүү күнү

9-класс

Токсумакова Гулжан Садыковна

Scanned by TapScanner

# Буткул дүйнөлүк СПИД менен күрөшүү күнү

**Буткул дуйнөлук СПИД менен курөшуу куну** – ар жыл сайын

1-декабрда белгиленүүчү күн.Биринчи жолу 1981-жылы

5-июнда АКШнын Ооруларга көзөмөл жүргүзүү борбору СПИД деген жаңы ооруну каттаган. Алгач "Төрт-Г" деп аталган адамдын иммундук жетишсиздигинин козгогучу (вирус) бара-бара анын кабылдоосуна (синдром) алып келери, аны менен ооруган адам акыры өмүрү менен кош айтышары аныкталганда гана Бириккен Улуттар Уюму ушул дартка карата каршы күрөшүү күнүн 7 жылдан кийин жарыялаган.

## Тарыхы

1981-жылы АКШдан жай айында Гаити мамлекетинен келишкен жалаң эркек мейман жарандардан 5 учур далилденген. Дарт героин колдонгон гемосексуал, гемофилик адамдардан байкалган (Төрт-Г). Натыйжада 1981-жылы алгачкы конференция өткөрүлүп, коңгуроо кагылган.СССРде 1985-жылы чет элдик жарандан КИЖКнын (кишинин иммундук жетишсиздигинин козгогучу) биринчи учуру катталган жана маалымат өтө жашыруун сыр катары сакталып, ал ачык айтылган эмес. 1986-жылы америкалык айым каза таап, ал иммундук жетишсиздиктен көз жумганы

Scanned by TapScanner

белгилүү болгон. Натыйжада Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму тарабынан СПИД боюнча глобалдык программа негизделген. Ал эми Бириккен Улуттар Уюму 1988-жылы (БУУ) 1-декабрды Бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күрөшүү күнү деп жарыялаган. Акыры БУУ 1996-жылы СПИДге каршы "Бириккен программа" кабыл алган. Дал ушул жылы Кыргызстанда КИЖК алып жүргөн эң биринчи учур катталган.

## Ооруу тууралуу

БУУнун "Бириккен программасынын" баяндамасы боюнча, 2009-жылы дүйнөдө 60 миллион адам аталган ооруга чалдыгып, 25 миллион киши каза болгон. 2008-жылы Жер шарында 430 миң ымыркай иммундук жетишсиздик, демек, СПИД менен төрөлгөн. Натыйжада 15 жашка чейинки КИЖК алып жүргөн балдардын саны 2,1 миллионго жеткен.

17 жыл аралыгында Кыргызстанда 5 миңден ашуун жаран иммундук жетишсиздик козгогуч жана кабылдоо менен ооругандыгы айтылган. Ал эми 2005-жылга чейин Теңир-Тоо жергесинде СПИД менен ооруган адам жок деп эсептелсе, 2013-жылы алардын саны 57 адамды түзгөн. Алардын ичинен төртөө ушул дарттан каза болгондор. 2016-жылдын 1-ноябрына карата Кыргыз өлкөсүндө ВИЧ менен ооругандардын расмий көрсөткүчү 6983тү түзгөн, анын ичинен Кыргыз Республикасынын жарандарынын саны 6617ге барабар болгон. ВИЧке кабылгандардын 66,4

Scanned by TapScanner

пайызы 20-39 жаштагылар. Өлкөдө ВИЧ-инфекцияны аныктоочу 46 лаборатория бар. 2016-жылдын 1-декабрына карата өлкө боюнча ретровируска каршы терапияны 2574 адам алган. Алардын ичинен 412си кичинекей балдар. Ал эми шприцти алмаштыруучу 37 пункт иштээри маалым болгон.

Scanned by TapScanner




Scanned by TapScanner

Калыгул Жусупов атындагы орто мектеби

# «СПИД Деген эмне»

5б-класс

Класс жетекчиси: Ибраева Махабат

Scanned by TapScanner

Бекитемин [signature] Ж. Айдакеева

Сабактын темасы: СПИД деген эмне.?

ВИЧ – бул адамдын иммундук жетишсиздигинин вирусу.

СПИД – пайда болгон иммундук жетишсиздиктин синдрому.

СПИД – бул ВИЧ менен козголуучу инфекциялык оору.

ВИЧ жана СПИД бул бир эле нерсе эмес: ВИЧ – бул вирус, ал эми СПИД болсо – оору.

ВИЧ-инфекция – бул оор жана азырынча айыкпас инфекциялык оору. Оорунун негизинде шишиктердин өнүгүүсү менен коштолгон жана организмдин өзүндөгү бузулууларды алдын ала турган, инфекциялардан коргой турган иммундук системанын бузулуусу жатат. Адистердин баалоосу боюнча, ВИЧти жугузуп алган 10 адамдын тогузу ал жөнүндө билбейт. Качан жана кантип жугузуп алгандыгын эч ким билбеши мүмкүн экендиги шексиз. ВИЧ-инфекция узак убакыт (10 жыл жана андан көп) өзү жөнүндө эч билгизбеши мүмкүн.

Scanned by TapScanner

Жугузуп алган адамдын өңү жакшынакай эле болуп жана өзүн жакшыисезет, бирок ал инфекцияны вирус организмге кирген убактан баштап башкаларга жугуза башташы ыктымал. ВИЧ-инфекция диагнозу лабораториялык текшерүүнүн негизинде, канда ВИЧке антителдердин болуусу аныкталганда гана коюлат.


ВИЧти кан аркылуу жугузуу бузулган канды, анынкомпоненттеринжанапрепараттардыкуюуучуру нда, ошондой эле тазаэмесмедициналыкжана башка терининбүтүндүгүнбузуугаалып

келген (маникюр жасооүчүнбуюмдар, кулак тештирүүчүийнелер, сүнөткөотургузуучүнаспаптар, сакалалгычтынмизи, ийнесаюудаколдонулуучуийнелерж.б.) аспаптараркылууболушумүмкүн. Жугузупалууучүнсөзсүзтүрдө эле кандынкөзгөкөрүнүптуруусу зарыл эмес, ал үчүнсаналыпөткөнбуюмдардаанчакөпэмессандагыкө згөкөрүнбөгөнкандынболуусу эле жетиштүүэкенинбелгилейкетүүкерек. Жугузуу ВИЧ мененжашаганадамдынканы башка адамдынорганизминекиргенде (куюлганда) болоорунөзгөчөбелгилейкетүү зарыл.

Scanned by TapScanner

ВИЧ-инфекция далайга 10 жылга жана андан да көпкө созулган жашырын мезгилге ээ. Адам өзүнүн ВИЧ-позитивдүү статусу жөнүндө шектенбестен, эрктен тышкары вирусту өзүнүн шериктерине жугузат. Бүгүн ВИЧ жана СПИД – бул адам баласы учураган, саламаттык сактоо сферасындагы эң бир татаал сыноолордунбири. Бүгүнкү күндө ВИЧ-инфекцияны толугу менен айыктыра турган натыйжалуу каражат жок.

Республикалык СПИД центринин 2019-жылы берген маалматына таянсак, бул дартты жугузуп алгандар жылдан жылга өсүүдө. Былтыр, 9 516 адамда ВИЧ аныкталса, анын ичинен 2013 адам каза болгон. Ооругандардын 64% эркектер, 36% аялдар түзөт.




Scanned by TapScanner

Инфекцияныжугузуунунжыныстыкжолу. Вирус эркектенаялгажанааялданэркеккежыныстыккатнашт ынбардыктүрүндө (гетеро, гомо, бисексуалдык) жугат.

Жыныстыкшериктердесезгенүүлөрдүнжанавенерика лыкоорулардынболуусуооруну жугузуутобокелдигин күчөтөт. Ар кайсы адамдар менен болгон көптөгөн жыныстык катнаштар ВИЧ-позитивдүү шерикти жолуктуруу тобокелдигин жогорулатат. Аялдын организминин физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу

ВИЧ-позитивдүү . ВИЧ энеден балага кош бойлуу кезинде, төрөт учурунда жана эмчек эмизгенде жугушу мүмкүн. Кош бойлуу аялды антиретровирустук препараттар менен дарылоо, төрөттөн кийин тикеден-тике ымыркайга атайын дарылоону белгилөө, ошондой эле эмчек эмизүүдөн баш тартуу балага ооруну жугузуунун тобокелдигин төмөндөтүүгө маанилүү таасир тийгизет. 2006-жылдын 1-июлуна Кыргызстанда ВИЧ/СПИД менен жашаган энелерден 27 бала төрөлгөн, , алардын бирөө СПИДден каза болгон.

***ВИЧ/СПИД менен болгон күрөшүүнү кыйындаткан өзгөчөлүктөр***

Scanned by TapScanner

# 1 декабря
# ВСЕМИРНЫЙ ДЕНЬ БОРЬБЫ СО СПИДом



Петрозаводск

Scanned by TapScanner

Нарын облусу Нарын району
Калыгул Жусупов атындагы орто мектеби.

Бекитемин_________ Ж. Айдакеева. 2022-ж 22 ноябрь.

Класстык сааттын темасы:

# ВИЧ СПИДди алдын алуу.

7- класс.

Класс жетекчи: Максутова Суйумкан Жумабековна.

Scanned by TapScanner

СПИДке каршы курошуу кунуно карата «СПИД- кылым душманы» аттуу кече отту.Кечеге мектеп жамааты жана айылдык ФАБдын дарыгерлери катышты. Коркунучтуу ,айыккыс дарт болгон СПИД оорусу жонундо,жугуу жолдору,курошуу чаралары тууралуу окуучуларга

1-декабрь

**Сабактын темасы:** СПИД-кылым душманы.

**Сабактын максаты:**

а) Окуучуларга СПИДдин чечмелениши,оорунун кантип жугушу жонундо тушунук беруу

б) Окуучулардын ой жугуртуусун,суйлоо кебин,чыгармачылык жондомдуулугун арттыруу.

в) Окуучуларды ыймандуу болууга тарбиялоо.

**Сабактын жабдылышы:**

СПИД ке каршы жазылган ураандар,лозунгдар,тартылган суроттор, DVD дискеттер ж.б.

**Сабактын журушу:** а) Уюштуруу

б) Уй тапшырманы суроо

в) Жаны тема:

Кымбаттуу окуучулар ! Бугун биз силер менен «Спид –кылым душманы» деген темада тарбиялык саат отобуз. СПИД деген созго кайрылаардан мурда биз ден –соолук жонундо токтолсок. Ден –соолук жонундо ырларды билесинерби?

(Окуучулар А.Осмоновдун «Ден- соолук» деген ырын корком айтышат.)

Жаш кезинде жаркырап,
Жакшы болсо ден –соолук,
Кор болбойсун оскондо.
Бирде жатып,бирде ооруп,
Окуп билим алаарда
Тен тушуна тен болуп,
Керек экен ошондо
Эн биринчи ден- соолук.
Тоодон шахта казаарда,
Тоодой ташты омкоруп,
Керек экен анда да

Scanned by TapScanner

Эн биринчи ден-соолук!

(«СПИД-кылым душманы» аттуу доклад окуучулар тарабынан окулат).

1-суроо: СПИД деген эмне?

(Окуучулар оз ойлорун айтышат.)

1-окуучу: СПИД-Пайда болгон Иммундук Жетишсиздиктин Синдрому.

2-суроо: ВИЧ деген эмне?

2-окуучу:ВИЧ-Адамдын Иммундук Жетишсиздигинин Вирусу.

3-окуучу:ВИЧ- бардыгынан мурда,адамдын организминин ар кандай ооруларга жана жугуштуу ооруларга каршы туруунy камсыз кылган коргонуу системасын жабыркатат.

4-окуучу: ВИЧ менен жашаган адамдар ден-соолугу тазадай корунот, жана коп жылдар бою бул ооруну жугузуп алгандыгы тууралуу шектенишпейт.

5-окуучу: ВИЧ Инфекциясынын алгачкы белгилери коптогон башка оорулардын белгилерин элестетет.Алар: Лимфа бездеринин чоноюшу,жотолуу, дененин ысышы ,ичтин отуусу ж.б

6-окуучу: ВИЧ инфекциясы деген диагнозду врач гана атайын анализдин жардамы менен кое алат.

7-окуучу:Азыркы окумуштуулар ВИЧ инфекциясына каршы вакцинаны иштеп чыга элек.Ошондой эле ВИЧ инфекциясынан адамдын организмин толук айыктыруучу даары-дармектер да жок.

8-окуучу: СПИД 100000 деген адамдардын омурун алып кетти жана дуйно жузундогу бардык адамзатка коркунуч туудурууда.

3-суроо: СПИД кандай жолдор менен жугат?

9-окуучу: СПИД уч жол менен жугат.

1-чи: Жыныстык катнаш аркылуу.

10 окуучу: 2-чи: Кан аркылуу б.а кан куйганда ,дезинфекцияланбаган медициналык аспаптарда пайдаланганда о.э маникюр,педикюр шаймандары аркылуу,денеге татиуровка жасаганда , бироонун сакал алгыч аспабын колдонгондо ,кулак козогондо .Кобунчо банги зат колдонгондордун арасында бир шприцти,ийнени ,банги зат даярдоочу идиштерди колдонууда жугат.

11-окуучу: Энеден балага-наристеге кош бойлуулук ,торот,эмчек эмизген учурларда жугуусу мумкун.

4-суроо:Кайсы учурда ВИЧ инфекциясы жукпайт?

12-окуучу:Кол алышканда,кучакташканда жана обушкондо.

13-окуучу:Жотолгондо жана чучкургондо.

14-окуучу:Уй айбанаттарынан .

15-окуучу:Чымын –чиркей чакканда .

16-окуучу: Сулгуну,шейшепти чогуу колдонгондо.

5-суроо:Эмнени колдонгондо ВИЧ инфекциясы жукпайт.

Scanned by TapScanner

1-окуучу:Душту же туалетти колдонгондо.
2-окуучу:Бассейнде
3-окуучу: Компьютерди ,телефонду.
4-окуучу: Ашкана приборлорун колдонгондо.
5-окуучу: Коомдук транспортту колдонгондо.
6-окуучу: Спорттук инвентарларды колдонгондо.
6-суроо: СПИД (ВИЧ) эмне учун коркунучтуу.
7-окуучу: ВИЧ ке каршы вакцина,даары-дармектер жок.
8-окуучу: СПИД адамды олумго дуушар кылат.
9-окуучу: ВИЧ илдети тез кобойуп жатат.

Эми кезекти сахна корунушуно беребиз:Тиш доктурдун оз ишине жоопкерчилик менен мамиле жасабагандыгына байланыштуу СПИД оорусуна чалдыккан кыздын тагдыры корсотулот.

**Конул ыргактары:** Бий,музыкалык ыр (ден-соолук жонундо).

**Поэзия минуталары:** Жаны торолгон баласы СПИД оорусуна чалдыккан эненин арманы.

**Уйго тапшырма:** Эгерде сенин досун ВИЧ ти жугузуп алган болсо же СПИД менен ооруса …

Scanned by TapScanner




Scanned by TapScanner

**Калыгул Жусупов атындагы орто мектеби**

# СПИД ДАРТЫ – СОЦИАЛДЫК КӨЙГӨЙ

11-класс

Класс жетекчиси: Акматалиева Айчурок

Scanned by TapScanner

| Бекитемин | Предмет: Тарбия саат классы 11 | куну |
|---|---|---|
| Уюштуруучу: | Максутова С | |

Сабактын темасы: **СПИД ДАРТЫ - КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК КӨЙГӨЙҮ**

***Сабактын максаты:*** Окуучулар Спид дарты – кыргызстандын социалдык көйгөйү анын зыяны тууралуу маалымат ала алышат.

***Өнүктүрүүчүлүк:*** Берилген материалдарды окуучуларга жеткирүү үчүн, окуучулардын таанып билүүчүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн, акылын, эркин эмоциясын, ой жүгүртүүсүн, күч эмгегин, эрктүүлүгүн жана өз алдынчалуулугун өнүктүрүү.

***Тарбия берүүчүлүк:*** Окуучулар Спид дарты – кыргызстандын социалдык көйгөйү анын зыяны тууралуу жана жаман адаттардан алыс болууга тарбиялоо.

***Сабактын көрсөткүчү***

***Жогорудагы максатка жеттик дейбиз эгерде окуучу***

1. Окуучулар Спид кыргызстандын социалдык көйгөйү анын зыяны тууралуу билишсе.
2. Ар дайым жаман адаттардан алыс болуу менен ден-соолугун сактоо керектигин билишсе.

***Сабактын тиби:*** Аралаш

***Сабактын жабдылышы:*** Слайд , класстер, карточка

***Сабактын жүрүшү: а)*** *Уюштуруу*

*б) Жаңы тема:*

**СПИД ДАРТЫ - КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК КӨЙГӨЙҮ**

**Спид (кабылданган иммундук жетишсиздик синдрому)** – (англ. *Acquired Immunity Deficit Syndrome*, AIDS) – иммундук тутумдун жок кылынышынан улам организмдин коргоо күчү солгундай турган патологиялык абал; өтө коркунучтуу жугуштуу оору – ВИЧ-инфекциянын (адамдын иммун таңсыктыгынын вирусу козгоочу дарт) акыркы чеги болуп саналат. Бул ооруга каршы күрөшүү калктын саламаттыгын сактоо жаатындагы мамлекеттик артыкчылыктуу милдеттердин бири. Ал 1982-жылдан бери белгилүү, дүйнөдөгү баардык өлкөлөрдө атайын каттоого алынат. Жуктуруучусу – вирусту алып жүргөн адам. Анын жугуусу: көбүнесе жыныстык катнаш аркылуу (айрыкча гомосексуалдык катнашта); боюндагы же төрөт учурунда энеден түйүлдүккө жана ; эмчек эмизген учурда баладан энеге; кан куйганда, ийне сайганда, ж. б. д. у. с. КР кылмыш-жаза мыйзамдарында билип туруп башка адамдарга ВИЧ-инфекциясын жугузуу коркунучуна дуушар кылгандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралган.

Кыргызстан дүйнө жүзү боюнча ВИЧ/СПИД жана кургак учук илдеттери тез тараган жети өлкөнүн катарына киргенин Саламаттыкты сактоо министрлиги билдирди. 1-сентбярга карата Кыргызстанда ВИЧ/СПИД дартына чалдыккандардын расмий саны 3700дөн ашты
Кыргызстанда СПИД дартына чалдыккан алгачкы адам 1987-жылы, кыргызстандыктардын көбү андай айыкпас дарт бар экенинен кабары жок кезде аныкталган. Ал Кыргызстанда окуган чет элдик атуул болгон. Ал эми өлкөнүн өз атуулдарынын арасынан оорулуу 1996-жылы табылып, азыр алардын саны 387ге жетти. Ноокастардын 17си өмүр менен кош айтышты. Мунун ичинен жетөөнүн дарты ар кандай оорулар менен коштолуп, о дүйнө кетишсе, ону жалаң СПИД дартынын курмандыгы болушту. Бул дартты жугузуп алгандардын 40 – аял. Алардын алтоо оорулуу экенине карабай, эне болууну каалап, алты наристеге өмүр беришти. Төрөлгөндөн кийинки текшерүүлөр наристелердин бирөө энесинен бул дартты тукум улап албаганын көрсөтүүдө. Ал эми калган беш баланын тагдыры кандай болоору азырынча белгисиз. Анткени муну бала эки жашка чыкканча анын каны кандай экендигинен так аныктаса болот. Аларды көзөмөлдөп турган «СПИД» республикалык бирикмесинин дарыгерлери буларды «дүйнөдө күн сайын СПИД жугузуп алып аткан 6 миң баланын бири болуп чыкпаса экен» деп жатышат.

Тилекке каршы, адамдын иммундук таңсыктык вирусун жугузуп алгандардын саны жыл санап

Scanned by TapScanner

өсүүдө. «СПИД» республикалык бирикмесинин директорунун орун басары Айнагүл Осмонованын айтымында, ага өлкөнүн социалдык-экономикалык араң жан абалы башкы себеп болууда.

Акыркы маалымат булактарында СПИД оорусунун бар экендигин чана башташты:
1) Эмне учун 30 жылдан ашуун убакыттын ичинде даарысы табылган жок?
2) Эмне учун оорунун белгилери 3 жумадан тартып жылдап-жылдап билинбей журо берет?
3) Эмне учун 1 эле адамдын, ар турдуу жерде, ар турдуу текшеруунун жыйынтыгы карама-каршы келе берет? Текшеруунун 1 стандарты же СПИД вирусунун так бир туру барбы?
ж.б.у.с. суроолор толуп жатат.

Жанагы мен изилдеген маалыматтарга ылайык, СПИД оорусунун диагнозу коюлган адамдардын дээрлик копчулугун, оору эмес, ошол ооруга каршы чыгарылган даарылар олтургон. Себеби бул оорунун артында олум керек болчу. ЭМНЕ УЧУН???

Бул нерсенин артында, ото чон саясий ж-а финансылык кызыкчылыктар турат экен.

**ВИЧ-СПИД оорусу бар деген тааныгандарыныздар, жакындарыныздар болсо, жашоого болгон умутун жоготпосун, эч нерсеге карабастан алдыга карай умтула беришсин демекмин. Эгер бир жери ооруган болсо, ошол жерин текшертип, ошого жараша даарыланганы дурусураак деген ой келип отурат.**

Келиниздер, эгер биз башка бироолордун жашоого болгон умутун кайра жандырганы жардам берсек, мумкун ал адам биздин коомго чон пайда алып келуучулордон болушу мумкун.

**СПИД - айыккыс илдет**

1988-жылдан тартып 1-декабрь бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күн катары белгиленип келет. Мурда көбүнчө Европа мамлекеттери өзгөчө маани берип белгилеп келсе, азыр күнөстүү Азия мамлекеттери да кошулуп, бул датанын маанилүүлүгүн арттырууга чоң салым кошту. Ал тургай өзүбүздүн эле чокусунан ак кар, көк муз кетпеген Ала-Тоолуу өлкөбүздө бул өнөкөт, өлөрман оору кеңири кулачын жайганы көнүмүш иш болуп калгандай көрүнөт. Саламаттыкты сактоо министрлиги СПИД оорусуна каршы олуттуу деле күрөшкөнү көзгө "жарк" деп көрүнө калган жери жок. Жада калса бул оору боюнча кеңири маалымат таратуу жагынан да аксап турат. Маселен, Ош шаарында ак халатчан айымдарыбыз бир канча наристелерге ВИЧ жуктуруп жиберишип, жалпы коомчулукту бир катуу дүрбөлөңгө салышты. Дегеле, СПИД Кыргызстанда канчалык деңгээлде кулачын жайды деген суроого жооп издеп, көргөн билгенибизди топтоп, көз чаптырып көрдүк.

**ВИЧ деген эмне?**

ВИЧ-адамдын иммун жетишсиздик вирусу (Вирус Иммунодефицита Человека), ал СПИД оорусуна алып келет. ВИЧти СПИД оорусу деп түшүнүү туура эмес. ВИЧ - адамдын организминде пайда болгондон тартып, СПИДге өрчүп кетүү убагы алты айдан тартып, он беш жылга чейин созулушу мүмкүн. Ага чейин ал организмде билинбей жүрө берет. Ал эми СПИД - иммунитет жетишсиздик оорусунун синдрому болуп эсептелинет. Ал адам баласына гана таандык, коркунучтуу жаңы жаралган жугуштуу оорулардын бири. Акыркы жылдары бир канча мамлекеттерде СПИДге каршы вакциналарды, химиялык препараттарды, дарыларды табуу иштери тынымсыз жүрүүдө. Бир кыйла дары-дармектер практика жүзүндө, дартты жугузуп алгандарды, ооруларды дарылоодо колдонулууда. Бирок, азырынча СПИДди толугу менен алдын-алуучу вакцина жана вирусун биротоло жок кылуучу активдүү, эффективдүү дары-дармектер дагы эле табыла элек. Демек, СПИД адамдын өмүрүнө душман бойдон калууда.

**Дарттын жугуу жолдору:**

ВИЧ - организмдеги белгилүү бир суюктуктардын курамында болот. Канда, спермада, сүт бездеринде кездешет. Мындан улам ВИЧ төмөнкү жолдор менен жугат деген жыйынтык чыгарсак болот:

***Кан алмаштырганда.**
***Тазаланбаган медициналык аспаптарды колдонгондо.**
***Организмге кан куйганда.**
***Кош бойлуу учурда энеден балага.**
***Эмизгенде жана төрөттөн жугушу ыктымал.**

ВИЧ - сасык тумоо сыяктуу аба аркылуу башкаларга жугушу мүмкүн эмес. Ал организмдин суюктугунда жашайт жана клетканын ичинде гана көбөйөт. Бирок, ВИЧ өбүшкөндө, кол кармашканда, кучакташканда,

Scanned by TapScanner

чогуу бир идиш-аяктарды колдонгондо, бассейнге түшкөндө, чогуу тамактанганда, коомдук транспортто жана жалпы даараткананадан жукпайт.

**СПИДке каршы вакцина табыла элек**

Бул коркунучтуу илдеттин пайда болгону тууралуу ар кандай сөздөр айтылып келет. Бирок, 1926-жылы биринчи жолу адамга маймылдан жуккан деген аныктама эң көп тараган. Бүгүнкү күнү дүйнө жүзү боюнча СПИД оорусуна чалдыккандардын саны 60 млн адамдан ашкан. Ал эми көз жумган адамдардын саны 25 млн адамга жеткен. СПИД оорусу менен эң көп ооруган өлкө катары биринчи кезекте Америка Кошмо Штаттары эсептелет. Бул өлкөдө эркектерге караганда аялдардын саны күч. Мисалы Нью-Йорк шаарында бир жылдын ичинде 20 миң наристе ВИЧ оорусу менен төрөлүшөт. Африка өлкөлөрү да АКШдан ашып кетпесе да, кем калышпайт. СПИД оорусуна каршы дары ушул кезге чейин жок деп так кесе айтылып келет. СПИДге чалдыккан адамдын айыгып кеткен учуру да дүйнөдө каттала элек. Бүгүнкү күндө дүйнө окумуштуулары СПИДге каршы 40 вакцинаны сыноодон өткөзүү менен алек. Бирок, ал вакциналардын бири да жакшы жыйынтык берген жок.

**Кыргызстанда…**

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда ВИЧ-инфекциясына чалдыккандардын саны саат сайын өсүп бараткандай таасир калтырууда. Статистика боюнча 1997-жылы 53 адам ВИЧти жугузуп алган болсо, 2010-жылы бир жылдын ичинде 570 адам болгон. Ал эми 2011-жылдын акыркы күндөрү эле 300дөн ашуун кичине балдар ВИЧ оорусуна чалдыгып отурат. Кыргызстан 2015-жылга чейин бүткүл дүйнөлүк СПИДди токтотуу боюнча 2000-жылы кабыл алынган миң жылдыкты өнүктүрүү программасына үн кошкон. Ошондой эле ПРООНдун "Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн ВИЧке каршы күрөшүүсүн колдоо" аталган программасы да иштөөгө киришкен. Бирок, мындай абалыбыз менен 2015-жылга ВИЧти токтотмок турсун, баягы жүзүнөн эки эсе "өсүш" менен барабызбы деген кооптонуу күч.

**"СПИД баңгизат, сойкулук аркылуу жугууда…" кандай себептерден улам ВИЧ-инфекциясы жугузуп алуу коркунучу**

- ВИЧ-инфекциясы негизинен баңгизат, сойкулук, оорулуу энеден наристеге берилүү жолдору аркылуу таралууда. Бул оору азыркы мезгилдеги өтө опурталдуу коркунучтуу дарт бойдон калууда. Ага чалдыккандардын саны да биздин өлкөдө көбөйүп баратканы өкүнүчтүү. Аталган дарттын жайылып жатышына учурдагы миграция жана сойкулуктун күч алышы себепчи болууда деп ойлойм.

Биздин маалыматыбыз боюнча болжол менен Кыргызстанда ийне сайынуучу баңгизат колдонуучуларга - 66, 7 пайыз, жыныстык жол менен - 25, энеден балага -2.1
ооруканада - 6.1
белгисиз жолдор менен - 0.08 пайыз болгону аныкталган.
Буга чалдыккандардын көпчүлүк бөлүгү же болбосо 73 пайызга жакынын 20-39 жаштагы адамдар түзөт.

**- СПИДдин алгачкы белгилери**

- Ар бир адам кандайдыр бир белгилерден улам ВИЧке чалдыкканын аныктай албайт.
Бирок, ошентсе дагы медицинада СПИДдин ар кандай белгилери аныкталган. Алар салмактын дароо азайып кетиши, кургак жөтөлдүн пайда болушу, температуранын жогорулашы, белгисиз бир себептерден улам уйку суроо, ич өтүү, мурунда жана ооздо кызыл, күрөң тактардын пайда болуусу, депрессия, стресс сыяктуу оорулар болушу мүмкүн. Бирок, мындай белгилерди байкаган соң дароо ВИЧ-инфекциясы бар экен деген түшүнүк болбош керек. ВИЧти мындай белгилерден тышкары анализ аркылуу лабораториялык тестирлөөдөн соң гана аныктоого болот.

**- Алдын алуу жолдору**

- СПИДди алдын алуу боюнча иш-чараларды уюштуруп келген өкмөттүк эмес, коомдук уюмдардын саны бүгүнкү күндө Кыргызстанда 100гө жакын. Бул коомдук уюмдар ВИЧ СПИДке каршы ар кандай багытта иш алып барышат. Алар көбүнчөсү шаарда жана областардын белгилүү бир аймактарында гана болгондуктан, алыскы мектептердеги окуучулар, жаш улан-кыздар мындай маалыматтан кур жалак калууда. Ошондуктан, ВИЧ СПИД дарты менен күрөшүүнү бир гана медициналык кызматкерлер эле эмес, жалпы коомчулук, жергиликтүү жетекчилер, жаштар бардыгыбыз колго алышыбыз керек. "Жабыла көтөргөн жүк жеңил" демекчи, баарыбыз чогуу аракет кылсак, ошондо белгилүү бир натыйжа чыгарына ишеним артсак болот.

**Жыйынтыктоо:**

**Үй тапшырма: класстер түзүп келүү**

Scanned by TapScanner

# ВИЧ/СПИДден кантип сактануу керек




БИР ГАНА АДАМГА ШЕРИКТЕШ БОЛУУ. БАШАЛАМАН ЖЫНЫСТЫК КАТНАШТАРДАН АЛЫС БОЛГУЛА.



ЖЫНЫСТЫК КАТНАШТА ПРЕЗЕРВАТИРДЕРДИ КОЛДОНУУ



БАҢГИ ЗАТТАРДАН АЛЫС БОЛУУ. ЖЕРДЕ ЖАТКАН ШПРИЦТЕРДИ КАРМАБА!



ЖЕКЕ ГИГИЕНАЛЫК ЖАНА КОСМЕТИКАЛЫК КАРАЖАТТАРДЫ ГАНА КОЛДОНГУЛА!

Scanned by TapScanner











Scanned by TapScanner